КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
МАНАС
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
МАНАССКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

ТОКТОМУ

2026-жылдын “25” сентябры №25

Манас айыл аймагына караган “Ак-Барчын” мектепке чейинки билим берүү мекемесинин тамак ашка болгон ата -энелер төлөмдөрүн көтөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү” №123-Мыйзамынын 27-беренесинин 19-пунктуна ылайык ошондой эле бала бакчанын 2026-жылдын 10-сентябрында өткөн ата-энелер чогулушунун тамак ашка болгон бааны жогорулатуу жөнүндөгү протоколунун негизинде токтом кылат:

1. Манас айыл аймагына караган “Ак-Барчын” мектепке чейинки билим берүү мекемесинин тамак ашка болгон төлөмү 2026-жылдын 1-октябрынан тартып бир күнгө 120 (жүз жыйырма) сом деп бекитилсин жана “Башка чыгымдар жана муктаждыктар үчүн” 10 (он) сом өлчөмүндөгү сумма өзгөртүүсүз калтырылсын.
2. Башка чыгымдар жана муктаждыктар үчүн 10 (он) сом өлчөмүндөгү акча каражаты бала бакчага келбеген күндөрүнө да кошуп эсептелсин.
3. Токтомду расмий булактарга жарыялоо, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы Манас айылдык кеңешинин жоопту катчысы А.Исаковага милдеттендирилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Манас айыл өкмөтүнүн башчысына Т.Б.Омуровго жүктөлсүн.

Төрага **Ж.А.Жанжигитов**